КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

2025-ж. "04" декабрь № 820 Бишкек шаары

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын сапатын жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөргө (жумуштарга) акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Мамлекеттик органдар жана алардын ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө" 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 токтомуна, ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантын макулдашуу жөнүндө" 2025-жылдын 13-ноябрындагы № 95 буйругуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскуранты тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Көрсөтүлгөн материалдардын толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу "Республикалык адистештирилген комбинат" мамлекеттик мекемесинин директору Н.Ш.Абдыровго жүктөлсүн.

Б.Э. Ажикеев

3. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемесинин директору Н.Ш. Абдыров:

- акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү боюнча эсептөөлөрдү жүргүзүүдө ушул буйруктун 1-пунктунда бекитилген прейскурантты жетекчиликке алсын;
- бекитилген прейскурантты белгиленген тартипте, Кыргыз Республикасы Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына жеткирилсин;
- прейскурантты расмий сайтка жана маалымат тактасына жайгаштырылышын камсыздасын.

4. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Калк жана массалык маалымат каражаттары менен иштөө башкармалыгынын башчысы А.М.Чаргынов, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү мамлекеттик кызматтарга тарифтердин прейскурантын Министрликтин расмий сайтына жайгаштырылышын камсыз кылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары А.М. Мамбетовго жүктөлсүн.

6. Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Министр**
**генерал-лейтенант** **Б.Э. Ажикеев**

«КЕЛИШИЛДИ»
Экономика жана коммерция министрлигине караштуу монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын төрагасынын м.а
_____________ С.К. Оморов
«_13_»_ноябрь_ 2025-ж.
Буйрук № 95

«БЕКИТЕМ»
Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министри
_____________ Б.Э. Ажикеев
«_02_»_декабрь_ 2025-ж.

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу «Республикалык адистештирилген комбинат» мамлекеттик мекемеси көрсөтө турган

**АКЫ ТӨЛӨНҮҮЧҮ КЫЗМАТТАРДЫН БАА ТИЗМЕСИ**

| № п/п | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы №304 токтомунун 8-бөлүмүнүн, 14-пунктуна ылайык **Көрсөтүлүүчү кызматтардын аталышы** | **Өлчөө бирдиги** | **Эсептик баасы (сом)** |
|---|---|---|---|
| **1.** | Радиоактивдүү материалдарды, заттарды жана калдыктарды сактоо | 1 сутка сактоо үчүн | 11016 |
| **2.** | Радиоактивдүү материалдарды, заттарды жана калдыктарды сактоо | Ар бир көмүү үчүн | 10511 |
| **3.** | Радиоактивдүү материалдарды, заттарды жана калдыктарды ташуу (чек ара аралык ташуу кирет) | 1 км үчүн | 597 |

Эскертүү:

1. **Радиоактивдүү материалдарды, заттарды жана калдыктарды сактоо** - радиоактивдүү калдыктардын көлөмүнө карабастан жүргүзүлөт.
2. **Радиоактивдүү материалдарды, заттарды жана калдыктарды көмүү** - радиоактивдүү калдыктардын көлөмүнө карабастан жүргүзүлөт.
3. **Радиоактивдүү материалдарды, заттарды жана калдыктарды ташуу (анын ичинде чек ара аркылуу ташуу)** - радиоактивдүү калдыктардын көлөмүнө карабастан ар бир километр (1км) үчүн жүргүзүлөт.

**КР ӨКМГге караштуу**
**«РАК» ММнин директору:** **Н.Ш. Абдыров**
**Башкы бухгалтер:** **А.Н. Токтошева**
**Экономист - плановик:** **Нуридин кызы А.**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ
МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ
МОНОПОЛИЯГА КАРШЫ
ЖӨНГӨ САЛУУ КЫЗМАТЫ

СЛУЖБА АНТИМОНОПОЛЬНОГО
РЕГУЛИРОВАНИЯ ПРИ
МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И
КОММЕРЦИИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2025-ж 13-ноября № 95

Бишкек шаары
гор. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин прейскурантын макулдашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жөнүндө жобонун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июндагы “Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө” №304 токтомунун (8-главасы 14-пункту) жана 2000-жылдын 26-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо” тартибине ылайык жана 2025-жылдын 30-октябрындагы Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемесинин №273 катынын негизинде, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин прейскуранты (мындан ары – Прейскурант) тиркемеге ылайык **2026-жылдын 1-ноябрына чейин** макулдашылсын.

2. Берилген материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемесинин жетекчисине жүктөлсүн.

0000658

3. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемеси:

- прейскурантты белгиленген тартипте бекитсин жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына берилсин;

- мамлекеттик жана расмий тилдердеги прейскурантты керектөөчүлөр үчүн көрүнүктүү жерге жайгаштырсын.

4. Прейскурант бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Жөнгө салынуучу чөйрөлөр башкармалыгы (Сатыгулов):

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги биринчи нускасын адам ресурстарын башкаруу, документтер менен камсыздоо жана мамлекеттик тил бөлүмүнө сактоого өткөрүп берсин;

- бул буйруктун мамлекеттик жана расмий тилдердеги экинчи нускасын Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу “Республикалык адистештирилген комбинат” мамлекеттик мекемесине жиберсин;

- бул буйрук менен кабыл алынган чечим тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын расмий сайтына жайгаштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Төраганын м.а.** **С.К. Оморов**